**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ДЕПУТАТТАРДЫН КЫЗЫЛ-КЫЯ**
**ШААРДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**КЫЗЫЛ-КИЙСКИЙ ГОРОДСКОЙ**
**КЕНЕШ ДЕПУТАТОВ**

**ТОКТОМ** **ПОСТАНОВЛЕНИЕ**

**2023–жылдын 19- декабры № 32/118**

**Кызыл-Кыя шаарында маданият тармагы боюнча жүргүзүлгөн иштер жөнүндө**

“Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын 2021-жылдын 20-октябрындагы №123 Мыйзамынын 34-беренесине жана шаардык кеңештин Социалдык өнүктүрүү, саламаттыкты сактоо, билим берүү, жаштар саясаты, маданият, миграция, жумушсуздук, спорт жана туризм маселелери боюнча туруктуу комиссиясынын 2023-жылдын 5-декабрындагы № 16 протоколуна негиз, Кызыл-Кыя шаардык маданият бөлүмүнүн башчысы К.Кулматованын 2023-жылдын 27-ноябрындагы № 01-5/38 катын эске алып, Кызыл-Кыя шаардык кеңешинин сессиясы

**ТОКТОМ кылат:**

1. Кызыл–Кыя шаардык маданият бөлүмүнүн башчысы К.Кулматованын маалыматы эске алынсын жана милдеттендирилсин:
- маданият тармагына караштуу мекемелердин күз-кыш мезгилине даярдыгын камсыздоо жана аларды өз убагында көмүр менен камсыз кылуу;
- шаардагы клубдардын иштерин активдештирүү жана аларды интернет байланышы менен камсыз кылуу багытында иштерди жүргүзүү жагы;
- шаардын жергиликтүү бюджетинен маданият тармагын өнүктүрүүгө бөлүнгөн акча каражаттарын максаттуу пайдалануу менен маданият тармагында өткөрүлүүчү ар түрдүү областык жана республикалык кароо-сынактарга, иш чараларга катышууну камсыз кылуу жагы;
- жаштардын маданиятын туура калыптандыруу максатында тарбиялык жактан маанилүү иш-чараларды байма-бай өткөрүү жана аларды жергиликтүү ММКлар аркылуу чагылдыруу;
- шаардык музейдин экспонаттарынын сакталуусуна кам көрүү жана алардын санын көбөйтүү, китепканалардын фондун көбөйтүү боюнча иш-чараларды жүргүзүү жагы.

2. Ушул токтомдун аткарылышын көзөмөлгө алуу жагы шаардык кеңештин Социалдык өнүктүрүү, саламаттыкты сактоо, билим берүү, жаштар саясаты, маданият, миграция, жумушсуздук, спорт жана туризм маселелери боюнча туруктуу комиссиясына тапшырылсын.

**Төрага** **Ж. Калматов**